М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык илимий - изилдөө университети жана Кыргызстандын эл аралык университети менен биргеликте экономика илимдеринин доктору (кандидаты) илимий даражасын алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча Д 08.24.697 диссертациялык кеңешинин эксперти, экономика илимдеринин доктору, доцент Кадыралиев Алмаз Токтобекович тарабынан, изденүүчү Керимбаева Тынара Эркинбековнанын 08.00.05 – тармактык экономика адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн "Экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу (Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл чарбасынын мисалында)" деген темадагы диссертациялык ишине

## КОРУТУНДУ

Керимбаева Тынара Эркинбековнанын "Экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу (Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл чарбасынын мисалында)" аталышындагы диссертациялык иши боюнча төмөндөгүдөй корутунду чыгарылды:

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши**

Сунуш кылынган кандидаттык диссертация, диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Диссертациялык изилдөөдө Ош облусунун айыл чарбасынын мисалында экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуунун теориялык-методологиялык жоболорун бир нукка салып, аны бир топ тереңдетип талдапган. Өлкөнүн бул тармагынын уюштуруу-экономикалык механизмин ишке ашыруу маселелеринин абалын изилдеп, өркүндөтүү жолдорун аныктап, узак мөөнөттүү инвестициялык өнүктүрүү стратегиясын иштеп чыккан. Айыл чарба өндүрүүчүлөрү менен байланышкан башка тараптардын ортосундагы экономикалык өз ара мамилелерди жакшыртуу, аймакта бул тармактын атаандаштык

жөндөмдүүлүгүн жана натыйжалуулугун жогорулатуу максатында заманбап агрардык инвестициялык-инновациялык кластерлерди түзүүнү сунуштаган.

08.00.05 – тармактык экономика адистигинин паспортуна ылайык келет.

**2. Изилдөөнүн максаты** – Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл чарбасынын мисалында реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун жогорулатууга багытталган теориялык-методологиялык негиздерди жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу болуп саналат.

Бул максатты иш жүзүнө ашыруу үчүн төмөндөгүдөй милдеттер коюлган:

кономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугунун маңызын изилдөө жана мазмунун ачуу;

еалдуу секторду өнүктүрүүгө таасирин тийгизүүчү факторлорду тактоо жана анын шарттарын аныктоо;

еалдуу секторго инвестицияларды тартуу боюнча чет өлкөлөрдө калыптанган тажрыйбаларын ар тараптуу талдоо жана өлкөдө колдонуу жагын караштыруу;

Ош облусунун айыл чарбасындагы инвестициялык жагымдуулугунун абалын, өнүгүү тенденциясын жана багыттарын комплекстүү талдоо;

йыл чарбасында инвестициялык жагымдуулукту арттырууда мамлекеттик колдоо боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;

ймактын айыл чарбасынын инвестициялык жагымдуулугунун өнүгүү стратегиясын негиздөө.

**3. Диссертациялык иштин темасынын актуалдуулугу**

Белгилүү болгондой айыл чарбасы калкты азык-түлүк жана өнөр жайды чийки заттар менен камсыз кылган реалдуу сектордун маанилүү тармактарынын бири болуп эсептелет. Өлкөнүн калкынын жашоо деңгээли анын айыл чарбасынын канчалык өнүккөнүнөн көз каранды. Бүгүнкү күндө айыл чарба өндүрүшүнүн экстенсивдүү мүнөзү инвестицияларды тартуу мүмкүнчүлүгүн чектеп, айыл чарба продукциясынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн жана жалпысынан тармакта өндүрүштүн натыйжалуулугунун төмөндөшүнө алып келүүдө.

Айыл чарбасына инвестициялардын кыскарышы өндүрүштүк потенциалдын бузулушуна, айыл чарба өндүрүшүнүн техникалык жактан жабдылышынын төмөндөшүнө, айыл калкынын социалдык абалынын начарлашына алып келди. Бүгүнкү күндө республиканын айыл чарбасынын үлүшү республиканын негизги капиталына инвестициялардын жалпы көлөмүндө 2,2% ды гана түзөт.

Республиканын инвестициялык климаты маалыматтык коопсуздуктун начардыгынан, инфраструктуранын өнүкпөгөндүгүнөн, аймактык инвестициялык саясаттын ачык эместигинен жана ыраатсыздыгынан, социалдык, саясий ж.б. көйгөйлөрдүн курчушуна байланыштуу мамлекеттик эмес инвестициялардын агылып келишине шарт түзбөйт. Бирок ошол эле учурда Ош облусу жагымдуу географиялык жайгашуусу, уникалдуу жаратылыш-климаттык шарттары, айыл чарба өндүрүшүнүн калыптанган көндүмдөрү жана салттары, олуттуу эмгек ресурстары жана айыл чарбасын өнүктүрүү үчүн жагымдуу экологиялык чөйрөгө ээ, бул аймакка айыл чарбасын өнүктүрүү үчүн жагымдуу болууга инвестициялык артыкчылыктарды аныктайт.

Ушуга байланыштуу аймактын айыл чарбасынын инвестициялык жагымдуулугунун деңгээлин баалоо, айыл чарбасынын төмөн инвестициялык жагымдуулугунун себептерин жана факторлорун аныктоо жана Ош облусунун айыл чарбасынын инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуунун артыкчылыктуу багыттарын негиздөө боюнча илимий-практикалык изилдөөлөр өзгөчө актуалдуу болуп саналат.

**4. Илимий натыйжалар.** Диссертациялык иште

- экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугунун өзгөчөлүктөрүнүн негизинде илимий теориялык жактан жалпыланды;
- экономиканын реалдуу секторундагы ишканалардын инвестициялык жагымдуулугунун деңгээлине таасир эткен факторлор аныкталды;

- реалдуу секторго инвестицияларды тартуу боюнча чет өлкөлүк тажрыйбалар изилденип Кыргызстандын айыл чарбасында алгылыктуу жактарын пайдалануу негизделди;

- Ош облусунун айыл чарбасындагы инвестициялык жагымдуулугунун абалы, өнүгүү тенденциясы жана багыттары талданып, аны өркүндөтүү жолдору белгиленди;

- аймактын айыл чарбасында инвестициялык жагымдуулукту арттырууда мамлекеттик колдоо боюнча сунуштар иштелип чыкты;

- экономикалык-математикалык ыкмаларды колдонуу менен Ош облусунун айыл чарбасын инвестициялык өнүктүрүүнүн 2030-жылга чейинки прогнозу сунушталды;

- Ош облусунун 2025-2030-жылдарга айыл чарбасын инвестициялык өнүктүрүү программасы иштелип чыгып, практикага киргизүү жолдору аныкталды.

**5. Алынган натыйжалардын практикалык мааниси**

Жүргүзүлгөн илимий натыйжалардын практикалык колдонуу жагы КРнын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү (2024-жылдын 18-апрелиндеги акт), Ош облусунун Кара-Суу районундагы “Таширов” атындагы өндүрүштүк-үрөөнчүлүк кооперативи (2024-жылдын 13-февралындагы акт) тарабынан берилген актылар менен тастыкталган.

Теориялык-методологиялык изилдөөлөр, иштелип чыккан тыянактар жана ошондой эле диссертациянын жыйынтыктары жогорку окуу жайларында “Айыл чарбасынын экономикасы”, “Инвестициялар жана инновациялар”, “Тармактардын экономикасы”, ж.б. предметтерди окутууда, магистранттардын, аспиранттардын, докторанттардын диссертациялык иштеринде жана окуу-методикалык басылмаларды даярдоодо пайдаланууга болот. Ошондой эле диссертациялык эмгекте берилген тажрыйбалык сунуштарды Кыргыз Республикасынын кызыкдар мамлекеттик башкаруу органдары тарабынан айыл чарбасын инвестициялык өнүктүрүү боюнча

тиешелүү документтерди жана программаларды иштеп чыгууда колдонууга болот.

**6. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши:** Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максатына жана милдеттерине дал келет.

**7. Эскертүүлөр:**

1. Диссертациялык иште изилдөө чөйрөсүнүн көйгөйлөрүн жана аларды чечүү жолдору жетиштүү деңгээлде чагылдырылган эмес. Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл чарбасынын инвестициялык жагымдуулугунун көптөгөн көйгөйлөрүн чечүү аны башкарууну жакшыртууга өбөлгө түзөөрү талашсыз.

2. Диссертациялык иште чет өлкөлүк тажрыйбаларды эске алуу менен жакынкы чет өлкөлөрдөн Өзбекстанды караса жакшы болмок.

3. Диссертациялык иште региондор аралык салыштырмалуу талдоо жүргүзүлгөн эмес, мисалы Чүй облусу менен.

4. Аймактын айыл чарбасында инвестициялык жагымдуулукту арттырууда мамлекеттик колдоо боюнча сунуштарды багыттары боюнча конкреттештирсе жакшы болмок.

**8. Сунуштар:**

1. Экинчи бапта орун алган көйгөйлөрдүн талдоосу менен толуктап, аларды чечүү жолдорун көрсөтүү сунушталат.

2. Биринчи баптын 1.3 - бөлүгүндө жакынкы чет өлкөлөрдөн Өзбекстандын айыл чарбасына инвестицияларды тартуу боюнча тажрыйбасын кароо биздин оюбузча максатка ылайыктуу келет.

**9. Сунуштамалар:**

1. Автор сунуш кылган Ош облусунун айыл чарбасындагы инвестициялык жагымдуулугунун абалы, өнүгүү тенденциясы жана багыттарын камтыган материалдардын негизинде аймактын айыл чарба субъекттеринин жетекчилигине семинарларды уюштуруусу максатка ылайык келет.

**10. Корутунду:** Диссертацияда теориялык, методологиялык жана практикалык жоболор иштелип чыгып, Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл чарбасынын мисалында реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун жогорулатууга багытталган көйгөйлөрдү изилдөө базасын толуктаган.

**11. Диссертациялык кеңештин эксперти Керимбаева Тынара Эркинбековнанын тапшырган документтерин карап чыгып,** М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык илимий-изилдөө университети жана Кыргызстандын эл аралык университети менен биргеликте экономика илимдеринин доктору (кандидаты) илимий даражасын алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча Д 08.24.697 диссертациялык кеңешине Керимбаева Тынара Эркинбековнанын **08.00.05 – тармактык экономика** адистиги боюнча, экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн "Экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу (Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл чарбасынын мисалында)" темасындагы диссертациялык ишин кабыл алып, коргоого сунуштайт.

**Эксперт:**
**экономика илимдеринин доктору, доцент** **Кадыралиев А. Т.**

**ДК Окумуштуу катчы**
**экономика илимдеринин кандидаты, доцент** **Байтерекова Г.С.**

14.05.2024г.

М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз Экономикалык илимий изилдөө университети жана Кыргызстандын эл аралык университети менен биргеликте экономика илимдеринин доктору (кандидаты) илимий даражасын алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча Д 08.24.697 диссертациялык кеңешинин эксперти, экономика илимдеринин доктору, профессор Чубурова Жаңыл Темировна тарабынан, изденүүчү Керимбаева Тынара Эркинбековнанын 08.00.05 – тармактык экономика адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн "Экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу (Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл чарбасынын мисалында)" деген темадагы диссертациялык ишине

## КОРУТУНДУ

Керимбаева Тынара Эркинбековнанын "Экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу (Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл чарбасынын мисалында)" деген темасындагы диссертациялык ишин карап чыгып, төмөнкүдөй корутундуга келди.

1. **Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши**

Сунуш кылынган кандидаттык диссертация, диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Диссертациялык иште экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун жакшыртуунун теориялык жана методологиялык аспектилери каралып, Ош облусунун айыл чарбасынын инвестициялык абалы, анын көйгөйлөрү талдалып, 2030-жылга чейин айыл чарбасынын инвестициялык өнүктүрүү программасы иштелип чыккан. Айыл чарбасында инвестициялык жагымдуулукту арттырууда мамлекеттик колдоо жолдору; аймактын айыл чарбасынын инвестициялык жагымдуулугунун өнүгүү стратегиясы жана айыл чарбасын инвестициялоо жаатындагы аймактык мамлекеттик саясатты өркүндөтүү иликтенген.

Диссертациялык иште айыл чарбасында инвестициялык жагымдуулукту жакшыртуу боюнча теориялык жана практикалык сунуштар берилген жана ал 08.00.05 – тармактык экономика адистигинин паспортуна ылайыктуу келет.

**2. Изилдөөнүн максаты** – Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл чарбасынын мисалында реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун жогорулатууга багытталган теориялык-методологиялык негиздерди жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

Бул максатты иш жүзүнө ашыруу үчүн төмөндөгүдөй милдеттер коюлган:

1. Экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугунун маңызын изилдөө жана мазмунун ачуу;
2. Реалдуу секторду өнүктүрүүгө таасирин тийгизүүчү факторлорду тактоо жана анын шарттарын аныктоо;
3. Реалдуу секторго инвестицияларды тартуу боюнча чет өлкөлөрдө калыптанган тажрыйбаларын ар тараптуу талдоо жана өлкөдө колдонуу жагын караштыруу;
4. Ош облусунун айыл чарбасындагы инвестициялык жагымдуулугунун абалын, өнүгүү тенденциясын жана багыттарын комплекстүү талдоо;
5. Айыл чарбасында инвестициялык жагымдуулукту арттырууда мамлекеттик колдоо боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;
6. Аймактын айыл чарбасынын инвестициялык жагымдуулугунун өнүгүү стратегиясын негиздөө, аймактык мамлекеттик саясатты өркүндөтүү жолдорун аныктоо.

**3. Диссертациялык иштин темасынын актуалдуулугу.**

Азыркы шартта экономиканын реалдуу сектору өлкөнүн жана аймактардын экономикалык өнүгүүсүндө маанилүү ролду ойнойт. Айыл чарбасы калкты азык-түлүк, ал эми өнөр жайды чийки заттар менен камсыз кылган жана экспорттогон реалдуу сектордун маанилүү тармактарынын

бири болуп эсептелет. Өлкөнүн калкынын жашоо деңгээлине айыл чарбасынын канчалык өнүккөнү өзгөчө мааниге ээ. Тилекке каршы, экономиканын агрардык секторундагы реформалар күтүлгөн натыйжаларды бербей жатат, орун алган көптөгөн көйгөйлөр чечилбестен, кайрадан жаңылары пайда болууда. Мындай шарттарда инвестицияларды тартуу айыл чарбасын туруктуу өнүктүрүүнүн маанилүү милдеттеринин бири болуп саналат. Бүгүнкү күндө республиканын айыл чарбасынын үлүшү республиканын негизги капиталына инвестициялардын жалпы көлөмүндө 2,2%ды гана түзөт.

Чектелген инвестициялык ресурстар жана аларга болгон муктаждыктын өсүшү, инвестицияларды тартуу үчүн жагымдуу инвестициялык климатты түзүүнү, инвесторлор үчүн тобокелдиктин алгылыктуу деңгээлин камсыз кылуу жана алардын кызыкчылыктарын коргоону талап кылат.

Ош облусунун географиялык жайгашуусу, уникалдуу жаратылыш-климаттык шарттары, айыл чарба өндүрүшүнүн калыптанган көндүмдөрү, салттары, олуттуу эмгек ресурстары жана айыл чарбасын өнүктүрүү үчүн жагымдуу экологиялык чөйрөсү айыл чарбасын өнүктүрүү үчүн инвестициялык артыкчылыктарды аныктайт.

Ушуга байланыштуу Ош облусунун айыл чарбасынын инвестициялык климаттын жагымдуулугун жогорулатуунун артыкчылыктуу багыттарын негиздөө боюнча илимий-практикалык изилдөөлөр өзгөчө актуалдуу болуп саналат.

**4. Диссертацияда белгиленген изилдөөнүн илимий натыйжалары:**

- экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугунун өзгөчөлүктөрүнүн негизинде илимий теориялык жактан жалпыланды;

- экономиканын реалдуу секторундагы ишканалардын инвестициялык жагымдуулугунун деңгээлине таасир эткен факторлор аныкталды;

- реалдуу секторго инвестицияларды тартуу боюнча чет өлкөлүк тажрыйбалар изилденип Кыргызстандын айыл чарбасында алгылыктуу жактарын пайдалануу негизделди;

- Ош облусунун айыл чарбасындагы инвестициялык жагымдуулугунун абалы, өнүгүү тенденциясы жана багыттары талданып, аны өркүндөтүү жолдору белгиленди;

- аймактын айыл чарбасында инвестициялык жагымдуулукту арттырууда мамлекеттик колдоо боюнча сунуштар иштелип чыкты;

- экономикалык-математикалык ыкмаларды колдонуу менен Ош облусунун айыл чарбасын инвестициялык өнүктүрүүнүн 2030-жылга чейинки прогнозу сунушталды;

- Ош облусунун 2025-2030-жылдарга айыл чарбасын инвестициялык өнүктүрүү программасы иштелип чыгып, практикага киргизүү жолдору аныкталды.

**5. Алынган натыйжалардын практикалык мааниси**

Изилдөөнүн жыйынтыктарын практикалык колдонуу жагы КРнын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү (2024-жылдын 18-апрелиндеги акт), Ош облусунун Кара-Суу районундагы “Таширов” атындагы өндүрүштүк-үрөөнчүлүк кооперативи (2024-жылдын 13-февралындагы акт) тарабынан берилген актылар менен тастыкталган.

Теориялык-методологиялык изилдөөлөр, иштелип чыккан тыянактар жана ошондой эле диссертациянын жыйынтыктары жогорку окуу жайларында “Айыл чарбасынын экономикасы”, “Инвестициялар жана инновациялар”, “Тармактардын экономикасы”, ж.б. предметтерди окутууда жана окуу-методикалык басылмаларды даярдоодо пайдаланууга болот. Ошондой эле диссертациялык эмгекте берилген тажрыйбалык сунуштарды кызыкдар мамлекеттик башкаруу органдары тарабынан айыл чарбасын

инвестициялык өнүктүрүү боюнча программаларды иштеп чыгууда колдонууга болот.

**6. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши:** Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максатына жана милдеттерине дал келет.

**7. Эскертүүлөр:**

1. Диссертациялык иште төмөндөгүдөй максат коюлган: «Ош облусунун айыл чарбасынын инвестициялык жагымдуулугун жогорулатууга багытталган теориялык жана методологиялык негиздер менен практикалык сунуштарды иштеп чыгуу», бирок, иште методологиялык жана методикалык аспектилерге (деңгээлдерге, усулдарга, баалоого, критерийлерге) жетиштүү көңүл бурулбаган жана так көрсөткүчтөр жок;

2. Иштин илимий жаңылыгында бардык пункттар жаңылыкты ачып бербейт, айрым пункттар тезис катары гана берилген:

-п.1 экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугунун өзгөчөлүктөрү илимий теориялык жактан жалпыланды;

-п.3 реалдуу секторго инвестицияларды тартуу боюнча чет өлкөлүк тажрыйбалар изилденип Кыргызстандын айыл чарбасында алгылыктуу жактарын пайдалануу негизделди;

3. Диссертациялык иште изилденип жаткан аймактагы көйгөйлөрү жана аларды чечүүнүн жолдору, практикалык сунуштары тийиштүү түрдө чагылдырган эмес;

4. Иштин биринчи бөлүмү 70 беттик көлөмдү ээлейт, бөлүм сүрөттөмө мүнөзгө ээ. Бул бөлүмдүн көлөмү жана мазмуну структуралык тактоону талап кылат;

5. Кээ бир статистикалык маалыматтар илимий эмгекте бири-бирин кайталаган учурлар бар, таблица түрүндө да, график түрүндө да чагылдырылган (иште 2.4-таблица жана 2.3-сүрөт, 99-б., авторефератта 2.1-таблица жана 2.1-сүрөт, 13-б.);

6. Негизинен статистикалык материал 2018-2022-жылдарга берилген, аны 2023-жылга чейин толуктоо максатка ылайык;

7. Диссертациянын мазмунунда реалдуу сектор боюнча дээрлик статистикалык маалымат камтылбаган, материалдар негизинен Кыргызстандын Ош облусунун айыл чарба секторундагы инвестициялардын жагымдуулугу боюнча берилген («Ош облусунун айыл чарбасынын инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу»?).

8. 143-147 беттеги кластер жана Ош облусунун айыл чарбасында аймактык кластердик саясаттын модели боюнча сунуштарын конкреттештирүү жана эсептөөлөр менен негиздөө максатка ылайыктуу болмок.

9. Иште редакциялык каталар орун алган.

**8. Сунуштар:**

1. Диссертациялык иште инвестициялык жагымдуулукту баалоонун методологиялык бөлүгүн күчөтүү.

2. Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгын тактоо жана конкреттештирүү зарыл.

**9. Сунуштамалар:**

1. Диссертациялык ишти 2023-жылдын статистикалык маалыматтары менен толуктоо;

2. Экинчи баптын 2.2.-бөлүгүн изилдөө чөйрөсүндө орун алган көйгөйлөрдүн талдоосу менен толуктап, аларды чечүү жолдорун көрсөтүү сунушталат. Ошондой эле бул бөлүктүн аталышына «көйгөй» сөзү да кошулса максатка ылайыктуу болмок.

**10. Корутунду:** Көрсөтүлгөн кемчиликтер диссертациялык изилдөөнүн илимий жана практикалык баалуулугун төмөндөтпөйт, тескерисинче, тандалган изилдөө көйгөйүнүн актуалдуулугун белгилейт.

**11. Диссертациялык кеңештин эксперти Керимбаева Тынара Эркинбековнанын тапшырган документтерин карап чыгып,** М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык илимий изилдөө

университети жана Кыргызстандын эл аралык университети менен биргеликте диссертацияларды коргоо боюнча Д 08.24.697 диссертациялык кеңешине Керимбаева Тынара Эркинбековнанын **08.00.05 – тармактык экономика** адистиги боюнча, экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн “Экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу (Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл чарбасынын мисалында)” темадагы диссертациялык ишин жогорудагы кемчиликтерди оңдоодон кийин коргоого сунуштайт.

**Эксперт:**

**экономика илимдеринин доктору, профессор** **Чубурова Ж. Т.**

14.05.2024

М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык илимий-изилдөө университетине жана Кыргызстандын эл аралык университетине караштуу экономика илимдеринин доктору (кандидаты) илимий даражасын алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча Д 08.24.697 диссертациялык кеңешинин эксперти, экономика илимдеринин доктору, доцент Супаева Гүлназ Тынаевна тарабынан, изденүүчү Керимбаева Тынара Эркинбековнанын 08.00.05 – тармактык экономика адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн "Экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу (Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл чарбасынын мисалында)" темасындагы диссертациялык ишине

## КОРУТУНДУ

Керимбаева Тынара Эркинбековнанын "Экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу (Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл чарбасынын мисалында)" темасында жазылган диссертациялык ишин карап чыгып, төмөнкүдөй корутундуга келди.

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши**

Сунуш кылынган кандидаттык диссертация, диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Айыл чарбасы Кыргыз Республикасынын негизги тармактарынын бири болуп саналат. Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл чарбасынын инвестициялык жагымдуулугун изилдөөнүн негизинде инвестициянын, инвестициялык жагымдуулуктун актуалдуулугу, максаты жана милдеттери, изилдөөнүн илимий жаңылыгы, илимий-изилдөө иштеринин коргоого сунушталган негизги маселелери, бул процесске тоскоол болгон көйгөйлөр жана аларды чечүүнүн жолдору толугу менен аныкталган.

Диссертациялык иште КРнын Ош облусунун айыл чарбасын мындан ары өнүгүү жолуна өткөрүү, заманбап инвестициялык инфраструктураны түзүү, о.э. бул тармактын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн, экспорттук

мүмкүнчүлүгүн жана натыйжалуулугун жогорулатуу жолуна өткөрө турган келечектүү милдеттерди тутумдуу чечүүнү жакшыртуу боюнча иш-чаралардын толук тизмеси сунушталган.

Диссертацияда иштелип чыккан теориялык, методологиялык жана практикалык жоболор Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл чарбасынын мисалында реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун жогорулатууга багытталган көйгөйлөрдү изилдөө базасын толуктаган.

08.00.05 – тармактык экономика адистигинин паспортуна ылайык келет.

**2. Изилдөөнүн максаты** – Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл чарбасынын мисалында реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун жогорулатууга багытталган теориялык-методологиялык негиздерди жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу болуп саналат. Мындай максатка жетүү үчүн илимий иште төмөндө көрсөтүлгөн иштер аткарылган:

кономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугунун маңызын изилдөө жана мазмунун ачуу;

еалдуу секторду өнүктүрүүгө таасирин тийгизүүчү факторлорду тактоо жана анын шарттарын аныктоо;

еалдуу секторго инвестицияларды тартуу боюнча чет өлкөлөрдө калыптанган тажрыйбаларын ар тараптуу талдоо жана өлкөдө колдонуу жагын караштыруу;

Ош облусунун айыл чарбасындагы инвестициялык жагымдуулугунун абалын, өнүгүү тенденциясын жана багыттарын комплекстүү талдоо;

йыл чарбасында инвестициялык жагымдуулукту арттырууда мамлекеттик колдоо боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;

ймактын айыл чарбасынын инвестициялык жагымдуулугунун өнүгүү стратегиясын негиздөө, аймактык мамлекеттик саясатты өркүндөтүү жолдорун аныктоо.

**3. Диссертациялык иштин темасынын актуалдуулугу**

Ааламдашуу шартында экономиканын реалдуу сектору өлкөнүн жана аймактардын экономикалык өнүгүүсүндө маанилүү ролду ойнойт. Реалдуу сектордун негизин өнөр жай жана айыл чарба продукцияларын өндүрүү түзөт, ал эми соода ишмердүүлүгү анын ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Бул багытты өркүндөтүү үчүн инвестицияларды тартуу жана инвестициялык климатты жогорулатуу абзел.

Инвестициялардын теориялык жана практикалык аспектилерин изилдөө экономикалык илимдин негизги көйгөйлөрүнүн бири болуп келген. Мындай кылдат көңүл буруу, инвестициянын жана инвестициялык процесстердин экономикалык өсүшкө жана бүтүндөй аймактын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө олуттуу таасирин тийгизип жаткандыгы менен шартталган.

Айыл чарбасына инвестициялардын кыскарышы өндүрүштүк потенциалдын бузулушуна, айыл чарба өндүрүшүнүн техникалык жактан жабдылышынын төмөндөшүнө, айыл калкынын социалдык абалынын начарлашына алып келди. Бүгүнкү күндө республиканын айыл чарбасынын үлүшү республиканын негизги капиталына инвестициялардын жалпы көлөмүндө 2,2%ды гана түзөт. Бул көйгөйлөрдү, тагыраак айтканда инвестициялык жагымдуулукту жогорулатуу мамлекет тарабынан жөнгө салуу аркылуу чечүүгө туура келет. Ушундан улам диссертациянын изилдөө темасынын актуалдуу экендигин, коюлган максаттары жана негизги милдеттери туура экендигин толук ырастайт.

**4. Илимий натыйжалар.** Диссертациялык иште Ош облусунун айыл чарбасынын мисалында экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу багытында теориялык, методикалык жана практикалык жактан сунуштарды иштеп чыгуу эсептелет.

Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы төмөнкүлөр болуп саналат:

– экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугунун өзгөчөлүктөрүнүн негизинде илимий теориялык жактан жалпыланды;

– экономиканын реалдуу секторундагы ишканалардын инвестициялык жагымдуулугунун деңгээлине таасир эткен факторлор аныкталды;

– реалдуу секторго инвестицияларды тартуу боюнча чет өлкөлүк тажрыйбалар изилденип Кыргызстандын айыл чарбасында алгылыктуу жактарын пайдалануу негизделди;

– Ош облусунун айыл чарбасындагы инвестициялык жагымдуулугунун абалы, өнүгүү тенденциясы жана багыттары талданып, аны өркүндөтүү жолдору белгиленди;

– аймактын айыл чарбасында инвестициялык жагымдуулукту арттырууда мамлекеттик колдоо боюнча сунуштар иштелип чыкты;

– экономикалык-математикалык ыкмаларды колдонуу менен Ош облусунун айыл чарбасын инвестициялык өнүктүрүүнүн 2030-жылга чейинки прогнозу сунушталды;

– Ош облусунун 2025-2030-жылдарга айыл чарбасын инвестициялык өнүктүрүү программасы иштелип чыгып, практикага киргизүү жолдору аныкталды.

**5. Алынган натыйжалардын практикалык мааниси.** Изилдөөнүн жыйынтыктарын практикалык колдонуу жагы КРнын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү (2024-жылдын 18-апрелиндеги акт), Ош облусунун Кара-Суу районундагы “Таширов” атындагы өндүрүштүк-үрөөнчүлүк кооперативи (2024-жылдын 13-февралындагы акт) тарабынан берилген актылар менен тастыкталган.

Теориялык-методологиялык изилдөөлөр, иштелип чыккан тыянактар жана ошондой эле диссертациянын жыйынтыктары жогорку окуу жайларында “Айыл чарбасынын экономикасы”, “Инвестициялар жана инновациялар”, “Тармактардын экономикасы”, ж.б. предметтерди окутууда, магистранттардын, аспиранттардын, докторанттардын диссертациялык иштеринде жана окуу-методикалык басылмаларды даярдоодо пайдаланууга болот. Ошондой эле диссертациялык эмгекте берилген тажрыйбалык сунуштарды Кыргыз Республикасынын кызыкдар мамлекеттик башкаруу органдары тарабынан айыл чарбасын инвестициялык өнүктүрүү боюнча

тиешелүү документтерди жана программаларды иштеп чыгууда колдонууга болот.

**6. Автореферattтын диссертациянын мазмунуна дал келиши:** Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максатына жана милдеттерине дал келет.

**7. Эскертүүлөр:**

1. Аймактын айыл чарбасында инвестициялык жагымдуулукту арттырууда эффективдүү ыкмаларды колдонуу боюнча сунуштарды конкреттештирүү зарыл, бул иштин натыйжалуулугун арттырат;

2. Диссертациялык иште иштелип чыккан таблицаларга 2023-жылдын маалыматтарын толугу менен кошуу керек;

3. Иште Ош облусунун айыл чарбасына инвестициялык жагымдуулукту жогорулатуу боюнча иштелген эконометрикалык моделди жакшыртуу керек.

**8. Сунуштар:** Экономикалык-математикалык ыкмаларды колдонуу менен Ош облусунун айыл чарбасын инвестициялык өнүктүрүүнүн 2030-жылга чейинки болжолун сунуштоо менен бирге аймактагы конкреттүү ийгиликтүү иштеп жаткан айыл чарба субъектисинин мисалында анын инвестицияларды тартуудагы экономикалык натыйжасынын келечегине божомол жасаса практикалык жактан көбүрөөк пайдалуу болмок.

**9. Сунуштамалар:** КРнын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнө “2025-2030-ж.ж. Ош облусунун айыл чарбасын өнүктүрүүнүн инвестициялык программасын” берип, анын алкагында ОшМУнун базасында илимий инвестициялык-инновациялык технопаркын жана аймакта инновациялык-инвестициялык негизде иштеген айыл чарба товар өндүрүүчүлөрүнүн ассоциациясын түзүү сунушталат.

**10. Корутунду:** Керимбаева Тынара Эркинбековнанын диссертациялык иши калыптанып аягына чыккан илимий изилдөө болуп саналат жана изилдөөнүн жыйынтыктары республиканын, ошондой эле Ош облусунун айыл чарбасынын инвестициялык жагымдуулугун өнүктүрүүдө тиешелүү салым кошо алат.

**11. Диссертациялык кеңештин эксперти Керимбаева Тынара Эркинбековнанын тапшырган диссертациялык ишти карап чыгып,** М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык илимий - изилдөө университетине жана Кыргызстан Эл аралык университетинине караштуу Д 08.24.697 диссертациялык кеңешине Керимбаева Тынара Эркинбековнанын 08.00.05 – тармактык экономика адистиги боюнча, экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн "Экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу (Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл чарбасынын мисалында)" аталыштагы диссертациялык ишин кабыл алып, коргоого сунуштайт.

**Эксперт:**
**экономика илимдеринин доктору, доцент** **Супаева Г. Т.**

**ДК окумуштуу катчысы** **Байтерекова Г.С.**

14.05.2024 г.